КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I -чакырылышынын XIII-кезексиз сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2026-жылдын 24-апрели **№34** Барскоон айылы

**Жергиликтүү бюджеттен социалдык муктаждыктарга**
**акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 29-беренесине ылайык социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын корутундусунун негизинде Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Жергиликтүү бюджеттен Барскоон айыл аймагынын төмөндөгү социалдык муктаж болгон адамдарга материалдык жардам катары акча каражаты бөлүнүп берилсин:
   - Б.З.Моңоевдин дарылануусуна – 40 000 (кырк миң) сом;
   - А.К.Токтосунованын дарылануусуна – 40 000 (кырк миң) сом;
2. Барскоон айыл өкмөт башчысы А.С.Калыков айыл өкмөтүнүн резервдик фондунан жалпы 80 000 (сексен миң) сом өлчөмүндө акча каражатын бөлүп берүүнү уюштурсун.
3. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
4. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы финансы-экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Букаровго жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы А.Сейтканга тапшырылсын.

**Төрага** **Ч.А.Ажыбеков**

---

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы - 4 нуска